# МАМЛЕКЕТТИК БЮДЖЕТ ЫЙЫК БОЛУУГА ТИЙИШ

*(Башталышы 1-бетте)*



Бюджеттик каражаттын ыйыктыгынын дагы бир жагы анын мектеп мугалимдеринин, врачтардын, саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин айлык акылары, пенсионер ата-энелерибиздин пенсиялары жана калктын аялуу катмарларына төлөнүүчү жөлөк пулдар болуп эсептелгендигинде турат. Ал эми мугалимдер деген кимдер? Алар өлкөнүн келечегинин пайдубалына даярдаган адамдарыбыз. Себеби, мугалимдер бүт убактысын, күчүн, билимин балдарга билим берип, келечек муундарын тарбиялап өстүрүп чыгарышат... Калктын ушул категориядагы адамдары мамлекет тарабынан камкордукка алынышы табигый, мыйзам ченемдүү көрүнүш. Андан кийинки бюджеттин эсебинен эмгек акы алуучу категорияга саламаттыкты сактоо кызматкерлери – врачтар, медициналык персоналдар кирет. Алардын иши адамдардын ден соолугун камсыз кылууга багытталган. Дарыгерлер жашоодогу эң талап кылынган адистик болуп эсептелинет. Ошондуктан мамлекет саламаттыкты сактоо тармагынын орчундуу бөлүгүн да өзүнүн колуна алган.

Бюджеттин дагы бир маанилүү милдеттеринин бири улгайган адамдарды пенсиялык каражат менен камсыз кылуу болуп эсептелет. Татыктуу пенсия алуу ар бир адамдын асыл максаты. Бүт өмүрүн өлкөсүнүн өнүгүүсү үчүн арнап, ак кызмат өтөгөн атуулдарын улгайган кезде камкордукка алып, пенсия төлөп берүү мамлекеттин ыйык парыздарынын бири экендиги белгилүү. Мамлекет коомдун аялуу катмарларын да бюджеттик каражаттын эсебинен кармап, колдоо көрсөтүп келет.

Мындан сырткары бүтүндөй мамлекеттик башкаруу системасынын чоң армиясын кармап туруу, анда иштеген кызматкерлерге айлык акыларды төлөп берүү да бюджеттин каражатынын эсебинен жүргүзүлөт.

Бюджеттин аткарган миссиясы жакшылык болгону менен анын татаалдыктары да өтө көп. Мүмкүн, экономикасы жолго коюлган, өнүккөн өлкөлөрдө бюджет маселеси жеңилирээк чечилет чыгаар. Бирок Кыргызстан сыяктуу экономикасы чабал мамлекеттерде бюджет оор бойдон жүрүп отурат. Анын азабын, кыйынчылыгын, кыргыз мамлекети эгемендүү аталгандан бери эле тартып келе жаткандыгы жашыруун эмес. Мына өткөн жылдын аягында республиканын туш тарабынан айлык акынын аздыгы боюнча наразылык протесттерин жасашты, иш таштоо өткөрүштү. Мугалимдердин мындай иш-чараларга барышы коомдук турмуштагы үрөйдү учурган окуя эмеспи. Алар мындай кадамдарга буга чейин эч убакта барып көрүшкөн эмес эле. Муну кандай деп ойлоого болот? Мугалимдердин минтип масштабдуу наразылык көрсөтүүсүнө саясий боёк берилип, муну атайын заказ берилип, аткарылып жаткан иш болушу мүмкүн деген болжолдоолорду айтышты. Бул туура эмес. Чындыгында мугалимдердин наразылыкка чыгуусу абдан бышып жетилген болчу. Себеби, мугалимдердин айлык акыларынын ставкасы башынан эле төмөн коюлуп, ал узак убакыт бою сакталып келген. Анын натыйжасында мугалимдердин, айрыкча айылдык мугалимдердин материалдык абалы да начарлап отурган. Ошондуктан мектептен өзгөчө эркек мугалимдер жапырт кете баштаганын айтсак болот. Жалпы орто билим берүү тармагына жасалган мындай мамиле өлкө үчүн көп зыян алып келди деп айтсак, ашыра чапкандык болбойт деп ойлойм. Жакында Өнүгүү жана экономикалык кызматташтык уюму 68 өлкөнүн билим берүү деңгээлин талдап, баалап чыкканда Кыргызстан 65-орунда тургананын билгенде кантип ичибиз ачышпасын. Албетте, бул көйгөй бир айда же бир жылда жарала койгон көйгөй эмес. Мамлекет башчылары, атап айтканда республиканы 15 жыл башкарган А.Акаев, беш жыл башкарган К.Бакиевдер бул маселеге абдан тыкыр карашы керек болчу. Эгерде алар бул маселеге көңүл бөлүп, убагында чечип жүрүп отурганда бүгүнкү күндөгүдөй абал болбос беле. Азыркы учурда мугалимдер маянасынын көлөмү чынында "күлкү" келерлик. Ырас, мамлекет мугалимдердин наразылыгына кош көңүл караган жок. Алардын талаптарын туура деп эсептеди. Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып мугалимдердин айлык акысы 30 пайызга жогорулай турган болду. Эсептеп келгенде бул деле алымсындырарлык эмес экен.

Ал эми саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин да айлык акылары көңүл жубатарлык эмес. Врачтардын да үй-бүлөлөрү бар, бала-чаканы багуу керек. Алардын көп маяна алуу үчүн Казакстан, Россия тараптарга бет алышы жакшы турмуштан келип чыккан эмес. Көбүнесе райондук масштабдагы жогорку квалификациялуу врачтардын республикадан чыгып кетүүсүн жоготуу катары бааласак болот. Врачтар наразылык көрсөтүүгө чыгабыз деген ниеттери бар окшойт. Бирок наразылык көрсөтүү менен эле маселе чечилип калса бир жөн. Мунун бардыгы баягы эле бюджетке келип такалат. Дегеле кыргыз өкмөтүнө эмгек акы маселесине комплекстүү кароо зарылдыгы турат деп ойлойбуз. Себеби, кай жакка карабагын айлык акыга ичи чыкпаган атуулдар. Мисалы, маданият кызматкерлери да жарыбаган маяна үчүн иштеп жүрүшөт. Ал эми көчөнү карасаңыз, баалар асманды чапчып жаткансыйт. Айлык акылардын азыркы деңгээлин жүрүп жаткан инфляциянын деңгээли менен жанаша алып жүрүү таптакыр мүмкүн эместей сезилет. Ага жетүү үчүн албетте, экономика көтөрүлүшү зарыл. Ошондо гана салык төлөөнүн булактары ж.б. төлөмдөрдүн көлөмү көбөймөк. Албетте, мунун баары ой-максат. Кеп анын аткарылышында турат. Бюджеттин кунарын, кедерин кетирип, кунун учурган терс факторлор бар. Аларга төмөндөгүлөр кирет: инфляция, коррупция ж.б. Эгерде Өкмөт бюджетти натыйжалуу пайдаланууну көздөсө, жогоруда айтылган терс көрүнүштөр менен чечкиндүү күрөш жүргүзүлүүсү керек.

Быйылкы 2011-жылдын Кыргызстандын бюджетинин таңкыстыгы финансы министрлигинин билдирүүсүнө караганда 18,254 миллиард сомду же ВВПнын 7,7 пайызын түзөт. "Таңкыстык кайдан келип чыкты?" – деген суроо туулат. Өткөн 2010-жыл Кыргызстан үчүн өтө оор жыл болгондугу баарыбызга белгилүү болду. Апрель революциясынын учурунда канчалаган жигиттерибиздин каны төгүлүп, элибиз чоң жоготууга учурады. Революция деген революция экен, жоготуулар элибиз үчүн моралдык жактан да, материалдык жактан да чоң жоготууларды алып келди. Бирок өлкөнү клandык, үй-бүлөлүк башкаруудан, тоталитардык режимден арылтты. Өкүнүчтүүсү кайсы бир күчтөр оор кырдаалдан пайдаланып, талап-тоноо, морадёрлук аракеттерди жүргүзүп жиберишти. Шаарыбыздагы канчалаган соода түйүндөрү, ишкана-мекемелер талкаланып, өрттөлдү.

Дал ошол салыкты арбын төлөөгө мүмкүнчүлүгү бар соода түйүндөрү жарым жылдап салык төлөй албай калды. Алар материалдык көп зыянга учурашты. Бул өткөн жылдагы салык төлөө булагынын азайышына, бюджеттин таңкыстыгына алып келген бир эле факты. Мындан сырткары Кыргызстандын түштүгүндө июнь айында болуп өткөн көптөгөн адамдардын өлүмүнө алып келген каргашалуу, кайгылуу окуялар да республикабыз үчүн эбегейсиз зор зыяндарды алып келди.

Бирок үмүттүн шооласы өчпөйт дегендей, өлкөбүздүн каржы министрлиги бюджет боюнча үстүбүздөгү жылга, кийинки эки жылга көңүл жубатарлык болжолдоолорду жасашууда. Республикалык бюджеттин кирешеси 2011-жылы 5 миллиард 474 миллион сомго көбөймөкчү. Эгерде жылдан жылга салык төлөмдөрүнүн казынага түшүүсү көбөйүп отурса, албетте мугалимдердин, врачтардын, маданий кызматкерлердин айлык акыларын, пенсиялардын көлөмүн жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Абдимухтар АБИЛОВ,**
**"Эркин Тоо"**

**Эсептөөдө жана эсептешүүдө пайдалануу максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан АКШ долларынын кыргыз сомуна карата төмөндөгүдөй күн сайын аныкталуучу негиздеги расмий курстары белгиленди:**

| ИСО б/ча код 4217 | Валютанын аталышы | Датасы | Курсу (кыргыз сомуна карата) |
|---|---|---|---|
| USD 840 | 1 АКШ доллары | 17.01.2011 | 47,4190 |
| | | 16.01.2011 | 47,4190 |
| | | 15.01.2011 | 47,4190 |
| | | 14.01.2011 | 47,4143 |
| | | 13.01.2011 | 47,3000 |

** АКШ долларынын расмий алмашуу курсу көрсөтүлгөн курстар боюнча сатуу же сатып алуу милдеттенмесиз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленет.*

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан 2011-жылдын 15-январынан тартып чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата эсепке алуу курстары төмөндөгүдөй белгиленди:**

| ИСО б/ча код 4217 | | Валютанын аталышы | Курс |
|---|---|---|---|
| AUD | 036 | 1 Австралия доллары | 47,1487 |
| AZN | 944 | 1 Азербайжан манаты | 59,4670 |
| GBP | 826 | 1 Англис фунт стерлинги | 75,0548 |
| AMD | 051 | 10 Армения драмы | 1,3018 |
| AFN | 971 | 1 Афганстан афгани | 1,1017 |
| BYR | 974 | 100 Белорус рубли | 1,5754 |
| BGN | 975 | 1 Болгар леви | 32,5189 |
| BRL | 986 | 1 Бразилия реалы | 28,3505 |
| HUF | 348 | 10 Венгер форинти | 2,3075 |
| RRW | 410 | 1 Түштүк Корея вону | 0,0425 |
| GEL | 981 | 1 Грузия лари | 26,3117 |
| DKK | 208 | 1 Дания кронасы | 8,5383 |
| AED | 784 | 1 БАЭ дирхамы | 12,9102 |
| EUR | 978 | 1 ЕВРО | 63,6173 |
| INR | 356 | 1 Индия рупийи | 1,0465 |
| IRR | 364 | 10 Иран риалы | 0,0456 |
| KZT | 398 | 1 Казак теңгеси | 0,3224 |
| CAD | 124 | 1 Канада доллары | 47,7653 |
| CNY | 156 | 1 Кытай юаны Жэньминби | 7,1969 |
| KWD | 414 | 1 Кувейт динары | 168,9012 |
| LVL | 428 | 1 Латвия латы | 90,6067 |
| LTL | 440 | 1 Литва лити | 18,4230 |
| MYR | 458 | 1 Малайзия ринггити | 15,5192 |
| MDL | 498 | 1 Молдова лейи | 3,8304 |
| MNT | 496 | 1 Монгол тугриги | 0,0383 |
| TRY | 949 | 1 Жаңы Түрк лирасы | 30,6067 |
| NZD | 554 | 1 Жаңы Зеландия доллары | 36,4131 |
| TWD | 901 | 1 Жаңы Тайвань доллары | 1,6370 |
| TMT | 578 | 1 Жаңы Түркмөн манаты | 16,6382 |
| NOK | 586 | 1 Норвегия кронасы | 8,0974 |
| PKR | 203 | 1 Пакистан рупийи | 0,5543 |
| PLN | 985 | 1 Польша злотыйы | 16,3980 |
| RUB | 643 | 1 Орус рубли | 1,5831 |
| XDR | 960 | 1 СДР (АКУ) | 72,8802 |
| TJS | 972 | 1 Тажик сомониси | 10,7699 |
| UZS | 860 | 1 Өзбек суму | 0,0288 |
| UAN | 980 | 1 Украина гривнасы | 5,9622 |
| CZK | 203 | 1 Чехия кронасы | 2,6075 |
| SEK | 752 | 1 Швед кронасы | 7,0841 |
| CHF | 756 | 1 Швейцария франкы | 49,2639 |
| JPY | 392 | 10 Япония йенасы | 5,7450 |

** Алмашуу курстары аталган чет мамлекеттердин валюталарын көрсөтүлгөн курстар боюнча сатуу же сатып алуу милдеттенмесиз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленет.*